| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>КЕҢ-КОЛ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КЕҢ-КОЛСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
| --- | --- | --- |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

«20» февраль 2024-жыл Көк-Ой айылы

Кең-Кол айылдык кенешинин
IX-чакырылышындагы 32- сессиясынын №32 токтому

**«Кең-Кол айыл аймагынын айыл өкмөтү» мекемеси**
**айыл өкмөтүн түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 ____«Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө» Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 30-мартындагы №177 "Айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүлүп жаткан Кыргыз Республикасынын региондорундагы айыл өкмөттөрүнүн ишин уюштуруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык саны жөнүндө" токтомун, 2024-жылдын 7-февралындагы №52 “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин, “Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, Кең-Кол айылдык кенеши ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Талас облусунун, Талас районунун, Көк-Ой айыл аймагынын **«Көк-Ой** айыл **өкмөтү»** мекемеси, Талас облусунун, Талас районунун, Долоно айыл аймагынын **«Долоно** айыл **өкмөтү»** мекемеси жана Талас облусунун, Талас районунун, А.Нуржанов айыл аймагынын, **«А.Нуржанов** айыл **өкмөтү»** мекемелери бириктирүү жолу менен **«Кең-Кол айыл аймагынын айыл өкмөтү» мекемеси** болуп кайра түзүлсүн.

**Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**

- **Мамлекеттик тилде**: «Кең-Кол айыл аймагынын айыл өкмөтү» мекемеси.
- **Расмий тилде**: Учреждение "Айыл окмот Кең-Колского айылного аймака"

**Кыскартылган фирмалык аталышы:**

- Мамлекеттик тилде: «Кең-Кол айыл аймагынын айыл өкмөтү» М-и.
- Расмий тилде: У-е "Айыл окмот Кең-Колского айылного аймака".

2. «Кең-Кол айыл аймагынын айыл өкмөтү» мекемесине өткөрүп берүү актысы бекитилсин (тиркеме тиркелет).

3. «Кең-Кол айыл аймагынын айыл өкмөтү» мекемесинин Жобосу бекитилсин.

4. «Кең-Кол айыл аймагынын айыл өкмөтү» мекемесинин юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Талас облусу, Талас району, Көк-Ой айылы, Манас көчөсү, №102 болуп аныкталсын.

5. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Кең-Кол айылдык кеңешинин төрагасы** **Джусупбеков К.М.**